21. Taratori, E., & Masali, Z. (2005). The teacher in front of the 'other' students. Proceedings of 11th International Conference of Pedagogical Association of Greece with topic: "The *school in the society of information and multiculturalism*", Rhodes, 21-23 October 2005. Thessaloniki: Kyriakides Brothers. 584-593

22. Vasiliki, M. Literacy: a necessary skill for the 21St century / M. Vasiliki, E. Zh. Sagymbaeva, B. E. Alybekova // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2024. – No. 59. – P. 5-19. – DOI 10.69722/1694-8211-2024-59-5-19. – EDN AVUYOG.

23. Vlachos, E. (1968). *The Assimilation of Greeks in the United States Anderson, Indiana.*

National Centre of Social RE, Athens

24. Yinger, M., (1968). *Religion, Society and the individual.* Macmillan

25. Ziogou, Z., Mpesi, M. (2010). The child text as a teaching intercultural tool in kindergarten. In P. Georgogiannis & V. Mparos (eds.) Proceedings from the 13th International Conference *Intercultural Education – Immigration – Conflict Management and Pedagogy of Democracy*, vol. II, (pp. 55-58). Patras: self- edition

26. Zouganeli, K., Mavrommatis, A. (2005). The teacher in the schools of the Society of Information and Multiculturalism: determination of his role in spaces of constant quest. Proceedings of 11th International Conference of Pedagogical Association of Greece with topic: "*The school in the society of information and multiculturalism*", Rhodes, 21-23 October 2005. Thessaloniki: Kyriakides Brothers. 595-600

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-65-73
УДК: 373.015.3

***Мамбетакунов Э.**, пед. илимд. докт., проф.*
*esenbek2m@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-1473-9390*
*Ж. Баласагын ат. КМУ*
***Абдыбалиева К.**, пед. илимд. канд., доцент*
*Kanyshai916@gmail.com*
*ORCID: 0000-0001-9901-483X*
***Колпочбаева М. Б.**, ага окутуучу*
*marzia-erke@mail.ru*
*ORCID: 0000-0001-8716-0178*
***Урусова Э. Б.**, окутуучу*
*chubashe11@gmail.com*
*ORCID: 0000-0002-2995-9886*
*И. К. Ахунбаев ат. КММА*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ ДИСЦИПЛИНАЛАРДАН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПСИХОДИДАКТИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Макалада медициналык жогорку окуу жайларынын студенттерине табигый илимий билимдерди окутуу процесси каралган. Ал дисциплиналар, айрыкча, биология, химия жана физика медициналык билим берүүнүн пайдубал дисциплиналары болгондуктан, медициналык-биологиялык кубулуштарды жана процесстерди молекулалык деңгээлде түшүндүрө алгандыктан, окутууга системдүү түрдө киришүү таризи белгиленген. Дисциплиналардын материалдарын берүүдө зарыл болгон психодидактикалык шарттарга ылайык окуу*

*процессине катышуучулардын – студенттердин жана окутуучулардын психологиялык бейнеси түзүлөрү аныкталган. Психологиялык жана дидактикалык шарттарды түзүү маселелери каралган. Психодидактикалык шарттардын негизгилери болуп студенттин табиятын таануу, анын табитин билүү, сырткы чөйрөнүн окуудагы жетикендиктерине берген таасири, студенттин өздүк рефлексиясы, анын коомдо өз ордун туура таба алууга болгон аракети, окутуучулардын илимий негиздүү пландуу иштери, социалдык бирдиктүү, системдүү иш жүргүзүү ж. б. саналары такталган. Анда биологиялык бирдик катары студент, социум жана анын ишмердүүлүгү бир мейкиндикте чагылдырылган. Педагогдун изги иш-аракеттеринин натыйжалуу багыттары көрсөтүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр**: психодидактика, биологиялык бирдик, социум, социалдык ишмердүүлүк, табият, табит, сырткы таасирлер, кесипке багыттуулук.*

***Мамбетакунов Э.,** докт. педаг. наук, проф.*
*esenbek2m@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-1473-9390*
*КНУ им. Ж. Баласагына*
***Абдыбалиева К.,** канд. педаг. наук, доцент*
*Kanyshai916@gmail.com*
*ORCID: 0000-0001-9901-483X*
***Колпочбаева М. Б.,** ст. преподаватель*
*marzia-erke@mail.ru*
*ORCID: 0000-0001-8716-0178*
***Урусова Э. Б.,** преподаватель*
*chubashe11@gmail.com*
*ORCID: 0000-0002-2995-9886*
*КГМА им. И. К. Ахунбаева*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

## ПСИХОДИДАКТИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОБУЧЕНИЯ ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНЫМ ДИСЦИПЛИНАМ

*В статье рассмотрен процесс преподавания естественнонаучных дисциплин студентам медицинских вузов. Поскольку эти дисциплины (особенно биология, химия и физика) являются фундаментом медицинского образования и позволяют объяснять медико-биологические явления и процессы на молекулярном уровне, предложен системный подход к их преподаванию. Определены психолого-дидактические условия, необходимые для подачи учебного материала, включая психологические характеристики участников образовательного процесса — студентов и преподавателей. Рассмотрены вопросы создания психологических и дидактических условий. В качестве ключевых психодидактических принципов выделены: изучение природы студента, понимание его индивидуальных особенностей; влияние внешней среды на учебные достижения; способность студента к саморефлексии; его стремление найти свое место в обществе; научно обоснованная и планомерная работа преподавателей; социальное единство и системная организация учебной деятельности. Студент представлен как биологическая единица, чья деятельность отражается в едином пространстве социума. Обозначены эффективные направления педагогической деятельности.*

***Ключевые слова:** психодидактика, биологическая единица, социум, социальная деятельность, природа, вкус, внешние воздействия, профессиональная ориентация.*

***Mambetakunov E.,** doc. pedag. science. prof.*
*esenbek2m@mail.ru;*
*ORCID: 0009-0007-1473-9390*

*KSU J. Balasagyn*
***Abdybalieva K.**, cand. pedag. science, docent*
*Kanyshai916@gmail.com;*
*ORCID: 0000-0001-9901-483X*
***Kolpochbaeva M.**, old teacher*
*marzia-erke@mail.ru;*
*ORCID: 0000-0001-8716-0178*
***Urusova E.**, teacher, chubashe11@gmail.com*
*ORCID: 0000-0002-2995-9886*
*KSMA I. K. Akhunbayev*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# PSYCHODIDACTIC CONDITIONS OF NATURAL SCIENCE EDUCATION

*The article examines the educational process of medical universities in teaching students the materials of natural sciences, especially biology, chemistry and physics, which are fundamental subjects. It sets out the issues of creating a psychological portrait of those participating in the educational process - students and teachers. Didactic conditions for training are given. They are: the student's nature, his taste, the influence of the environment on academic success, the student's own reflection, his action to determine his own place in society, the scientifically justified planned activities of teachers, the socially integrated systematic work of those involved in the educational process. In this context, the student is considered as a biological unit, a society and its social activities in a single space. The effective directions of the teacher's actions for successful learning are indicated.*

***Key words:** Psycholudactics, biological unit, society, social activity, nature, taste, external influences, professional orientation.*

**Киришүү**. Адам өз жашоосун бактылуу жана маанилүү куруп алышы үчүн, өзүн Жаратылыштын бир бекем бүртүмү жана зарыл кызмат аткаруучу түзүмү сезип, аны менен толук ымалалаш байланышта жүрүп, өмүр сүрүшү абзел. Андыктан анын Табият закондорун так билгени жана аларды туура аткарып, аларга баш ийип жашаганы дурус. Экинчи тараптан, ал өзүн социум катары көрсөтүп, социалдашуу процессине активдүү катышып, анын ыкчам мүчөсү болуп, өз үнүн кошуп, бардык тараптан алганда да, алдыңкылардын сабында жүрүүсү зарыл. Үчүнчү багыт – ал адамдын коомдогу ишмердүүлүгү. Азбы, көппү, чоңбу, кичинеби өз ордун туура таап, ак ниеттүүлүгү, мээнеткечтиги менен коомдун өнүгүшүн алга жылдыруудагы өздүк изги вазийпасы.

Өз ишмердүүлүгүн Табият менен коомдун закондоруна таянып өнүктүргөн инсан бул тирүүчүлүккө бекерге келбегенин тастыктап, жашоо сырын кайсы бир деңгээлде түшүнүп, анан гана өмүрдөн өтөт.

Биздин **изилдөөбүздүн максаты** – адам, айрыкча, жаш муун өзүн толук кандуу түзө алуусуна көмөк көрсөтүүчү, жашоосунун негизги фактору болгон багыттагы – анын кесипке үйрөнүүсүндөгү, кесипкөй катары такшалуу жолундагы педагогикалык жана психологиялык жагдайлардын таасирин тактоо болду.

Изилдөө **методдору** – катышуучулардын, студенттер менен окутуучулардын аңгемелешүүсү, студенттердин билимин тестилөө, педагогикалык жана психологиялык эксперименттер.

Жашоо нугуна ыңгайлаша жаш муун кайсы гана кесипти тандабасын, өз каалоосубу, ата-энелеринин көрсөтмөсү мененби, же учурда эл оозунда жана изги түшүнүгүндө эң керектүү деп аталып жатканы боюнчабы, айтор, ага жетишүүгө бир

топ маанилүү сезилген, туш тараптан ыкчам аракеттер талап кылынары бышык. Биздин оюбузча, жалпыланган, педагогикалык жана психологиялык өңүттөн каралган, окутуучунун да, студенттин да илимий түшүнүктөрдү аң-сезимдүү туюна билүү процесстеринде [1] педагогикалык дидактикалык багыттагы урунттуу негиздер керек. Алар төмөнкүлөр.

1. **Студенттин табияты**.

Жаш муунга табият тартуулаган жөндөм, ошол кесипти багынтууга болгон дарамет өтө зарыл. Ал – анын Жаратылыштан алган куту, негизги биологиялык пайдубалы.

Биология илиминин алкагынан караганда, гендердин закону – тукум куучулук таризи басымдуулук кылуусу шарт. Табиятында адистикти өздөштүрүүгө мүмкүндүгү болбосо, анда ал жаш адамдан жакшы кесипкөй чыкпайт. Мында анын физикалык-психологиялык өнүгүүсү – дени сактыгы менен когнитивдүү багыты чечүүчү факторлор боло алышат.

2. **Студенттин табити.**

Ошол кесипке болгон оң, алгы көз карашы, байма-бай, талыкпай умтулуусу, кесипкөй болууну эңсөөсү аны ар дайым алга жетелейт. Аны өзгөчө, өзөктүү шыктандырып, жаңы нерсени үйрөнүүгө жана окуп билүүгө эмоционалдуу киришүүсү максатына жетүүгө эң негизги шарт-себеп болуп бере алат. Ал эми табитти да өнүктүрө, өстүрө билүү керек. Болгондо да эң жаш курагынан ата-энесинен, туугандарынан, бала бакчадан тарта мыкты тарбиячыдан, мектепте өз кесибин сүйгөн мугалимдерден таалим-тарбияга сугарылып, дүйнөлүк да, өз элинин да өргө тарткан баалуулуктарынын негизинде калыптанса, “прогрессивдүү табит үрөнү” анын жан-дилине себилет.

3. **Студентке сырткы дүйнөнүн берген таасири.**

Сырткы дүйнө деп жалпылап айтсак, ал – ата-энесинин мээнет күчү, мээрим-тарбиясы, жашоо тиричиликтин берген таасири, мектептин, ЖОЖдордун, андан кийинки тепкичтеги билим берүү тармактарынын, насаатчылардын иреттешкен, татаал, ал эми кээ бир учурларда иретсиз эле берилген, чогуу-чаран иш аракеттерин дүңүнөн “сырткы дүйнө таасирлери” деп коёлу. Бул да өтө маанилүү, айрыкча, жаш куракта. Анткени жаш муун дүйнөгө болгон көз карашы солкулдап, ийилчээк, толук калыптана элек, таасирге тез берилип, терең ойлонбой туруп жооп берип, түпкү маңызын түшүнбөй туруп ишке киришип, айлана-чөйрөнү аңдабай эле кабыл алат. Ошондой эле калпыс, каталыгы бар иштерди да аткара берет. Андыктан окутуучулар менен тарбиячылар жаш муунга өздөрү кетирген каталыктарын жана кемчиликтерин мүмкүн болушунча азайтуу, калпыстыктарын төмөндөтүү үчүн таасирдүү сырткы процесстерди ийкем жана байма-бай көзөмөлдөөсү жаштардын өсүүсүнө шарт түзөт.

4. **Студенттин өзүнүн аракети.**

Турмуш көрсөтүп келаткандай, жогорку үч шарт канчалык оңтойлуу түзүлүп, оң жана күчтүү динамикада болбосун, адам өзү аракеттенбесе, ал накта кесипкөй, чыгаан адис болуп кете албайт. Бул багытта студент “Мен” концепциясынын алкагында өзүн өзү таануу процессинде рефлексиялык анализ жүргүзүп, алгы маңызга ээ болгон аң-сезимдүү көз караштан улам өз мүмкүндүгүн мерчеп, окуп кетүү жана тарбиялануу динамикасын ыкчамдата алат. Бул багытта бир топ окумуштуулардын изилдөөлөрү белгилүү. Биз бул өңүттө окумуштуу Т. М. Сияевдин байкоолоруна жана жыйынтыктуу эмгектерине [2] таяндык. Психологиялык таризде аңгемелешүү учурунда студенттер менен кызуу талкуу жүргүзүү менен иш алып бардык. Алар өздөрүнүн ички

мүмкүндүктөрүн толук колдоно билүүсүнө көмөк көрсөттүк. Аларды мээнети гана, өздөрүн өздөрү аңдап билүүсү гана, өзү ким экенин түшүнө алуусу гана башка факторлордон өзгөчө басымдуулук кылып, ийгилик белесине чыгарарына ишендирип, ага жетишүү ыкмаларын тактадык.

**5. Студенттин коомго зарыл, ал коомдо өз ордун так таба алууга арналган ишмердүүлүгү.**

Статистикадан белгилүү болгондой, дүйнө жүзүндө жүздөгөн кесип, миңдеген адистиктер бар. Алардын ичинен учурда коомго зарыл адистикти тандап, практик-прагматик болуу – азыркы замандын талабы. Жаштар үчүн да өз заманында эркин болуп, каалагандай, ойдогудай, ошол эле учурда керектүү адистикти өздөштүрүү анын коомдо зарыл мүчө катары, өздөрүндө болгон бардык мүмкүндүктөрүн колдоно билүүгө жол ачат. Жогорудагы негиздерге таянып, мезгил талабына шайкеш келүү үчүн келечектеги адис бардык тараптан, жалпы жана атайын иш билгиликтерин (компетенттүүлүктөрүн) өөрчүтүү ишмердигин жандандырып, ирееттүү жөнгө салуусу абзел. Бул өз максаттарына жетүүдө айкын жолчырак болуп бере алат.

**6. Окутуучулардын илимге негизделип пландалган, кесипке багытталган окутуу жана тарбиялоо иш-чаралары**.

Окуу процесси – жөнжай эле динамика эмес. Ал – активдүү динамика. Улам жаңы методикаларды, окуу жана окутуу ыкмаларын толуктап, эскилерин, натыйжалуулук мандемин пасаңдатып калганын четке кагып, мезгил агымында улам жаңыланып туруучу процесс. Ал процесске камтылган ар бир дисциплина, алардын ар бир окуу темасы илимий жактан негиздүү болуп, көлөмү боюнча да мамлекеттик стандарттын алкагында туруп, кесиптик векторду бекем карманып, түзүлгөн окуу программасына ылайык пландалган тематикалык жана календардык иш-чаралар мейкиндигинде жатат. Тарбиялык булагы болсо, окутуучу тарабынан студенттин тандаган кесибинин маани-маңызын арттырган, элдин жыргалчылыгына багытталган маселелерди чечүүнү шарттайт. Мында алардан биологиялык этиканын принциптерин өзөк тутуп, бардык болгон иш билгилигин, эрудициясын, мурунку тажрыйбалуу алдыңкы педагогдордун топтолгон, уютулган илим-билим корун жумшап, иш жүргүзүүнү талап кылат.

**7. Окутуу жана тарбиялоо процессине жооптуу адамдардын иш-аракеттери.**

Студенттерди окутуу, тарбиялоо жана ар тараптан өнүктүрүү процесстеринин натыйжалуу жүрүшүнө жалаң эле окутуучулардын жумшаган мээнети жетишсиз. Ал процесстерге камтылган деканаттардын, окуу-усулдук бөлүмдөрдүн, студенттик уюмдардын, проректораттын жана ректораттын кызматкерлеринин түздөн-түз милдети: ал окуу программаларын иш жүзүнө ашырууну туура, оптимал пландоо, сабактардын жумалык, айланма (циклдик) жана семестрдик жүгүртмөлөрүн студенттердин жана окутуучулардын физикалык, психологиялык жана мезгилдик мүмкүндүктөрүн эске алып, ырааттуу түзүү болуп саналат. Алардын бардык иш-аракеттери студенттер менен окутуучулар аз убакыт жана энергия коротуп, көп, татыктуу, терең билим жана тарбия алууга (окутуучулар билим берүүгө жана тарбиялоого) багытталышы керек. Андан сырткары, окуу процессинен, сабактан тышкаркы иш-чаралар да бир өзөктүү уюштурулушу шарт. Алар: студенттик күндөр, конкурстар, олимпиадалар, тегерек үстөлдөр, семинарлар, конференциялар, илимий жана тарбиялык, айталы, биоэтика жана деонтология жаатындагы ийримдер, атайын кесиптик жана адистик ийримдер, адабий жана маданий кечелер, жадакалса, ишембиликтер да жаш муунду өнүктүрүүгө, кош багытта, ички жана сырткы тараптан гармониялуу өсүүгө жана өстүрүүгө салым кошуп, алардын активдүү эс алуусун камсыздоосу максатыбызга жетүүнү оңойлотот.

**8. Студенттерди ар тараптан өнүктүрүү багытындагы ишмердүүлүк.**

Жаш муунду канчалык предметтик программалык материалдар менен сугарбайлы, ал ”билим суусундугу” анын өмүрлүк кесибине бөскөрбөс гүлазык болуп бере албайт. Андыктан жаш адис мезгил менен тең катарлаш кадамда болушу үчүн, ал туш тараптан өсүп-өнүгүп турушу зарыл; ал өзүнүн күнсереп жашоосунда физика-физиодинамикалуу (ар дайым кыймыл-аракетте, спорт менен достукта болуусу), байма-бай нейродинамикалуу (акыл-эсин такай, пландуу негизде иштөөгө көнүктүрүүсү) жана кардиодинамикалуу (дүйнөнүн, айлана-чөйрөнүн, экологиянын өзгөрүүсүнө сергек карап, сезимтал болуусу, турмушта “ысык-суукту”, “жакшы-жаманды” өз дене-бою аркылуу, жүрөгүнөн өткөрүп туруусу) тартипке ыктап, бардык өңүттөн активдүү инсан болуп калыптануусун шарттайт.

Бул маселелерди чечүүдө педагогдордун милдети каралып жаткан үч тарамдуу динамиканы оптимал багыттап, прогресс жолуна түздөп, кесиптик векторду такай карманууда турат. Окуу менен окутуу, тарбия берүү менен тарбиялануу, өнүгүү менен өнүктүрүү процесстери бири-бири менен да, кайчылаш багытта да тыгыз корреляциялык байланышта болушат.

Окутуучулардын вазийпасы ошол корреляцияны күчтөндүрүүдө камтылган.

**9. Биримдикте, социалдык бирдиктүү түрдө иштөө.**

Жогоруда каралган негизги факторлорду, иштиктүү векторлорду туташтырган күчтүү корреляцияны камсыздоо – бул аларды биримдикте, бир тегиздикте карап, системдүү түрдө жолго коюу. Хронологиялык жактан алып караганда, сабактардын жүрүшүнө, чейректик же жарым окуу жылдык айлампасына жараша ар бир негиз кайсыдыр бир деңгээлде, убакыттын белгилүү мерчеминде басымдуулук кылышы толук мүмкүн. Аларды учурдагы маанилүүлүгүнө карай, приоритетине жараша колдоно билүү гана педагогикалык ишмердүүлүктө ийгиликтин соолбос булагы болуп бере алат.

Жаш муундун тарбиялуу жана кесипкөй болуп жетилүүсүнүн психологиялык-педагогикалык шарттары тарых барактарында, турмуш чындыгында белгилүү орунду ээлеп келген.

Алар чыгыштын улуу гуманисти, акын, жашоонун диалектикасын үйрөнүүгө негиз салуучу философ ( XIIIк.) Мухамад Жалаледдин Руминин окуусуна [3] үндөшө келип, аны заманбап көз караштан алып карап, талкуулап, тактоого жана улантууга болорлугу, б. а., потенциалы бизге бул аспектини изилдөө мүмкүндүгүн түздү.

Жаш муунга өзгөчө мамиле кылып, ар бир окуучуга өз алдынча, жекече көз карашта тарбия берип, мүмкүндүгүнө жараша билим кору менен азыктандырып, аздектеп өстүрүү багытын кыргыздын улуу педагогдорунун бири И. Б. Бекбоев көп жылдык тажрыйбасында, теориялык жана практикалык изилдөөлөрүндө дааналап, тастыктап койгон [4]. Ал окумуштуу педагогикада “Инсанга багытталган окутуу жана тарбиялоо” концепциясын түзүп кетти.

Бул багыттагы изилдөөлөрдү биздин көп жылдык педагогикалык тажрыйбабыз менен топтолгон ой бүтүмдөрдүн кээ бирлерин эмгектерибизде келтиргенбиз [5; 6].

Жаш муун тарабынан табигый фундаменталдык илимдер негизги адистиги катары тандалбаса да, студенттерге табигый илимий дисциплиналардын мазмунун окутуунун мааниси терең да, мазмуну кенен. Ошол тереңдиктен карап, аны маңыздуу топтоштуруп алып, болочок адистерди ар бир дисциплинаны кесипке багыттап окутуу – жогорку мектептердин мугалимдеринин түздөн-түз вазийпасы менен милдети.

Атайын кесипке ээ болууга пайдубал болуп берүүчү жогоруда айтылган психологиялык жана педагогикалык негиздерди ЖОЖдордо табигый билим берүүдө алардын, табигый дисциплиналардын, материалдарын кесипке багыттап карап, ал билимдерди студенттер терең жана туруктуу (бекем) өздөштүрө алуусу үчүн, психологиялык-дидактикалык шарттарды тарамдап изилдеп, ишке ашыруу максатка ылайык келет.

Жогоруда каралган негиздердин өз табиятына гана тиешелүүсүн тандап алып, ар бир жаш адам, албетте, мугалимдердин, ата-энесинин, өзү кумир тутуп алган инсандардын, анан да атайын адистердин жардамы менен табият ага энчилеген интеллектуалдык, биологиялык, эмоционалдык, психологиялык потенциалдарды канчалык деңгээлде тартуулаганын накта иликтеп, билип алып, болочок турмушунун түркүгү саналчу кесибин тандаганы абзел. Акылы жетик, ден соолугу чымыр болгону менен, бирок табити тартпай, каалоосу жок болсо, талапкердин ал кесипке барбай койгону оң!

Акыл кору жетиктүү – интеллектуалдык потенциалы жогору, ден соолугу чың – биологиялык потенциалы жетиштүү, дилгирлиги өргө тарткан – эмоционалдык жөндөмү болуп, айлана-чөйрөгө, коомдогу болгон өзгөрүүлөргө даана, так көз карашта назар салып, туура мамиле жасаса, анда ал – өз ордун адашпай таба билүүгө ийкемдүү, психологиялык оң потенциалдуу жаш муун. Андан келечекте мыкты адис, өзүнүн ою бар инсан болуп чыгышына зарыл педагогикалык да, психологиялык да шарттар керек – бул жагдай жашоо нугунда ушундай чечмеленет.

Жаш адамга көп кырдуу тандоо мүмкүндүктөрү байма-бай кездешет.

Аларга жашоодо кездешүүчү *үч мерчемдүү учурда: кесип тандоодо, турактуу жашоочу жерин тандоодо, өмүрлүк жарын тандоодо* адашууга да, калпыс басууга да эч бир мүмкүндүк бербей, андай калпыстыкты болтурбай коюуга бардык аракеттерибизди жумшообуз зарыл. Себеби бул учурларда кетирилген каталар, тилекке каршы, адамдын жашоосун жалынсыз кылып, өмүрү өксүктө калып, дүйнөдөн армандуу, ардуу өтөр.

Кесип тандоонун негизги психологиялык-педагогикалык шарттарын жогоруда караштырдык.

Жашаган жери менен адамдын биологиялык индивид катары денеси, тулку бою сырткы айлана-чөйрө менен ылым санашкан гана эмес, төгөрөгү төп келишкен мамилеси зарыл. Бул жерде астрономия жана география илимдеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн алкагында, биология жана психология илимдеринин закондорунун чегинде ал динамикага тыкыр назар салуу туура болот.

Ден соолукка терс таасир берип, ал таасирдин жыйынтыгында ден соолукту начарлаткан жерден “көчө качып” жашоо керек.

Толук кандуу үй-бүлөдө тарбия-таалим алган, тектүү ата-журтун тааныган, каадалуу кайын-журт күткөн адам өзүнө материалдык да, моралдык да жактан ажайып жашоого шарт түзөт. Бул тандоону ниети таза, руханий байлыгын көбөйтүүгө, толумдуу инсан болууга далалат болгон жаш муундун дилгирлиги жана жүрөгү гана чече алуучу маселе.

Мындай маселени чечүүдө адамдын менталдык (сезим күчү) түзүүчүсү басымдуулук кылганы туура. Калган бардык себептер чечүүчү мааниге ээ боло албай калышат. Улуу сезим катышпаган, “жүрөк акылы” чечпеген, гумандуулук маселесин четтеп өткөн тандоодо каталыктар көп болот.

Азияда, айрыкча, кыргыз элинин менталитетинде да өмүрлүк теңинин теги-жайына, духу күчтүү болушуна жана руху бийиктигине өзгөчө маани берилет.

Бир кылымга чамалаш созулган Совет доорунда орусташып кеткен жердештерибиздин көйгөйү ат көтөргүс экени ырас. Көпчүлүгүбүз түпкү тегибизди чанып, маңкурттукка ыктап, мерестикке баш уруп калганы дээрлик кылымга тете тарых барагыбызга ала көлөкө түшүрүп, дил корубузду жукартты.

Эли-журтубуздун көңкүлүгүнө, түптүүлүгүнө доо кетип, нечендеген кылымдар бою жыйнап-топтоп келген салт-санаалуу баалуулуктарыбыз көзгө, дилге илешпей, жандүйнөбүз кайдыгерликке же тайыз алабармандыкка багыт алганы талашсыз.

Эл тарабынан “кыргыздын Нострадамусу” статусун алган Калыгул олуя XYII кылымда эле божомолдоп койгон “...баласынан атасы карыз күтпөс, кыздарынан энеси намыс күтпөс” учур келип, XX кылымдын аягында, токсонунчу жылдары, эгемендик эл энчисине тийгенде да өнүгүү багытыбыздан адашчудай болуп турганыбыз өкүнүчтүү.

Адетте, азыркы тапта батыш, чыгыш, түндүк, түштүк элдерде үй-бүлө институтунун артыкчылыгы эми-эми гана, жасалма түрдө болсо да алдыга чыгарылып, расмий да, саясатчылардын талкууларында да, ал эми жалпы коомчулукта болсо, бул дүйнө-түркүк маселе күн тартибин ээлеп турат.

Жаш муундун коомго аралашып, анын толук мүчөсү болуусунда, социалдашуу жолунда татаалдыктар көп.

Педагогика мейкиндигине жасалма түрдө, зордоп киргизилип жаткан тарбиялоо ыкмасы – “Норвегия талабы”, ал эми анын түпкү маңызы – өспүрүмдөрдүн биологиялык ата-энесин жерип, алардын тарбиясына, таалимине анча маани бербей, каймана эркиндикке умтулуусу, өздүк Менине гана басым жасалып, Эгосун күчтөндүрүү, бул – Азия тарбия нугуна тескери багыт алган жол. Себеби биз – түпкүлүгүбүздөн, байыртан эле, көңкү жолубуздан, тарыхый көчүбүздөн тарта эле эрктүү, дымагы бийик жана Эгемен элбиз. Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо жана жанжолдошту теңата жана теңтайлаш кароо, сый-урмат менен сыпаа жашоо вазийпасы, ошондой эле өз духун бекем тутуу сыяктуу нукура чыгыштык руханий баалуулуктар – бизге Эне сүтү менен берилип, биздин каныбыз менен кошо жаралган касиетибиз [1; 6]!

Ошентип, биздин бул макалабыздагы педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрүбүздү жыйынтыктай келсек, анда алар келерки ой тутумдарына камтылган:

- жаш муунду окутуу жана тарбиялоо процесстери системдүү түрдө;
- алардын табиятына жараша;
- түпкүлүктүү табитине шайкеш келтире;
- аларды ар тараптан, үзгүлтүксүз өнүктүрүп-өөрчүтө билүүгө;
- аларга туура илимий негиздүү жол көрсөтүүгө;
- кесибине чукул багытталган малыматтарды, ал эми негизинде билим берүүгө;
- заманбап жана келечектүү адистиктерди тандай билүүгө;
- катышкан бардык тараптардын маңыздуу жана багыттуу иш алып баруусуна;
- негиздүү жана өнүккөн маданияттарга таянууга;
- айрыкча, өз элинин менталитетине, уютулган маданий, адабий жана руханий коруна таянууга жараша өсүп-өнүгүү жолунда өргө тарта арбыйт.

**Адабияттар:**

1. Абдыбалиева, К. Этнопедагогика жана элибиздин эртеңине ой сереп / К. Абдыбалиева // “Тил жана маданият баалуулугунун азыркы учурдагы концепциясы”, Эл аралык илим. конф. материалдары. БГУ жарчысы. - 2016. - № 3. -102-104-бб.
2. Сияев, Т. М. Ийгилик булагы... Рефлексия / Т. М. Сияев. - Бишкек: “Из-Басма”, 2016. - 88 б. - ISBN 987-9967-31-444-3.
3. Мамбетакунов, Э. О философском и педагогическом наследии Ж. Руми / Э. Мамбетакунов // Этнопедагогика и этнопсихология (Улуттук таалим-тарбия). Ил.-адист. бас-н III жыйнагы. - Алматы: Абай ат. Каз. УПУ, 1997. - 48-49-бб.
4. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. Академик И. Б. Бекбоевдин илимий педагогикалык, методикалык макалалар жыйнагы / Түзгөндөр: С. К. Рысбаев, М. К. Иманкулов. - Бишкек, 2010. - 436 б. - ISBN 978-9967-442-25-2.
5. Абдыбалиева, К. Меджождордо табигый дисциплиналарды окутууну өркүндөтүүнүн психологиялык-педагогикалык шарттары / К. Абдыбалиева, Райымкул уулу Ж. // БАЭМУ жарчысы. - 2023. - №1 (5), 2-бөлүк. - 18-23-бб.
6. Мамбетакунов, Э. Окутуу процессинин психодидактикалык бейнеси / Э. Мамбетакунов, К. Абдыбалиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2024. - № 8. - 202-206-бб.